KOICA Korea International Cooperation Agency | КЫРГЫЗ ОРГАНИК | KDS Korea Institute for Development Strategy


# Картошканын ризоктониозу

***Rhizoctonia solani***

**Илдеттин өзгөчөлүгү:**

- Түшүмдү 16-34 % , сапатын 60% чейин төмөндөтөт;
- Патоген топуракта 3-4 жыл бою сакталууга жөндөмдүү;
- Козу карын түймөктө жана топуракта кыштайт;
- Оор (чополуу) топурактарда өсүмдүктөрдүн инфекциясы үчүн жакшы шарттар түзүлөт;
- Товардык көрүнүшүн бузат;
- Эрте жазда, муздак топуракка отургузганда бул оору пайда болот;
- Терең жана жыш отургузулган учурларда бул илдейт өөрчүйт;
- Оорунун өнүгүшү үчүн оптималдуу топурактын температурасы болжол менен 17 ° С, нымдуулугу 60-70% түзөт;
- Өнүмдөр жаңы чыгып жатканда козу карын жабыркатат.
- Кант кызылчасы, капуста, беде, ашкабак помидор ж.б. өсүмдүктөрү илдеттин өнүгүшүнө жана инфекциянын топтолушуна көмөктөшөт.





**Белгилери:**

Жалбырактар:

- Жалбырактары өйдө карай бууралат;
- Кыска бойлуу.

Саптары:


- Өнүмдөр бирдей пайда болбойт;
- Сабагында некроздор пайда болот;
- Нымдуу жана жылуу аба ырайында "ак шыйрактардын" пайда болушу.

Түймөк:

- Түймөктөрдө оору кара котур (түймөктүн бетиндеги склеротия), терең (чуңкурча) тактар, түймөктүн жарылуусу (кээде физиологиялык жаракалар деп жаңылышат) жана тор некроз (көбүнчө кадимки котур менен чаташтырышат) түрүндө көрүнүшү мүмкүн.

**Агротехникалык ыкма:**

- 4 жылдык которуштуруп айдоо (дан же буурчак өсүмдүктөрү менен кезектешип), (кант кызылчасы, капуста, беде - уруксат берилбейт);
- Таза үрөндөрдү колдонуу;
- Үрөндү өндүрүп, жылуу (8 С жогору) жана жакшы даярдалган топуракка отургузуу;
- Түймөктү терең отургузбоо жана кеч түптөбөө;
- Түшүмдү убагында жыйноо.




**Органикалык айыл чарбада уруксат берилген препараттар:**

| Аты | Таасир этуучу заттар | Колдонуу нормасы | Колдонуучу суюктуктун чыгымы | Колдонуу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| **Косайд 2000** | Жез гидроксиди, 350 г/кг | 2,0-3,0 кг/га | 600-1000 л суу | Вегетация мезгилинде чачуу: биринчиси - алдын алуу, калгандары 10-14 күн аралыгы менен |
| **1% бордос суюктугу** | Жез, акиташ | 100 гр жез, 100 гр акиташ | 10 л суу | Биринчи дарылоо гүлдөөнүн башында, экинчиси - 10-15 күндөн кийин же оорунун көрүнүшү менен, үчүнчү жана төртүнчү - 10-15 күндөн кийин зарылдыгына жараша |
| **Жез купорос** | Жез сульфаты | 2 гр | 10 л суу | Картошка түймөгүн отургузууга чейин |
| **Бактофит** | Bacillus subtilis | 3 л/т | 10-15 л/т | Картошка түймөгүн отургузууга чейин |
| | | 3 л/га | 250-300 л/га | Вегитация мезгилинде чачуу: өнүмдөргө, бүчүрлөрдүн пайда болушу жана гүлдөп бүткөндөн кийин |
| **Фитоспорин-М** | Bacillus subtilis | 2 кг/га | 10 л / т | Картошка түймөгүн отургузууга чейин |
| | | 0,2 кг/га | 400-600 л/га | Вегетация мезгилинде чачуу: алдын алуу максатында катар аралыктардын жабылышы - гүл бутондордун пайда болуу фазасында, кайталоо 10-15 күн интервал менен |
| **Триходермин** | Trichoderma | 1 л | 10 л суу | Картошка түймөгүн отургузууга чейин |